83.3
Кырг
С 95

# СЫЙКЫР ТАШ



УДК 821.51—93
ББК 83.8
С 95

Китеп «Кумтөр Оперейтинг Компаниянын» каржылык колдоосу менен чыгарылды.

Кенже жана мектеп жашындагы балдар үчүн

Адабиятташтырып иштеп чыккан *Виктор Кадыров*
Которгон *Акбар Рыскулов*

С 95 **Сыйкыр таш:** Кенже жана мектеп жашындагылар үчүн/ Текст: В.В. Кадыров; Котор.: А. Рыскулов; Сүрөтчүсү Э.В. Халмурзаев. – Б.: Раритет, 2010. – 52 б.: ил. – (Кыргыз жомоктору)

ISBN 978—9967—424—78—4

«Кыргыз эл жомоктору» сериясындагы бул жыйнакка кылымдарды карыткан байыркы элдин аң-сезиминен жаралаган эң мыкты сыйкырдуу жомоктор жарыяланды.

Бул жомоктордун каармандары эчен алектен өтүп, кыйчалыш кырдаалдарга туш келишсе да, сыйкырдуу дүйнөнүн сынагынан татыктуу жол таап, акыр түбү жеңип чыгышат.

Текстти коштогон кооз жана көркөм сүрөттөр бул китепке кошумча көрк, кайталангыс улуттук түс берип, окурманды кыялдагы дүйнөнүн босогосун аттап кирүүгө көмөктөшөт.


Бул китеп кенже жана мектеп окуучуларына арналат.

А 4803300100—10

УДК 821.51—93
ББК 83.8

ISBN 978—9967—424—78—4

© «Раритет» басмасы, 2010





# Мазмуну

Эки дос
4

Сыйкыр таш
14

Отунчу
24

Чыныгы хан Чыныбек
38


Эки дос

Илгери-илгери бир кедейдин аялы токойдон отун терип жүрүптүр.

Айылдан алыс ченде ал аялдын толгоосу күчөп калат. Бир кучак куурайды эптеп жонуна көтөрүп, үйүнө ашыгат. Анткени күйөөсү жайлоого мал айдап кетип, очокко от жакчу жан жок экен.

Токой четинде чынар терекке жөлөнө, бир азга көшүлө түшөт. Алла-Таала ал аялга наристе ыроолоп, балканакай уул төрөлөт.

Дал ошол маалда алардын үстүнөн Айдай сулуу пери учуп бараткан имиш. Ал пери дагы ай-күнүнө жетип турган чагы экен. Чынар терекке конгон пери алтын көкүл кыз төрөйт. Теректин түбүнөн ыңаалаган үн уккан пери жерге түшөт. Ымыркай уулду көрүп, мындай дейт: «Менин кызым төрөлгөн ушул жер, ушул кезде сен да төрөлдүң. Ылайым, тагдырың тайкы болбосун!» деп жүзүнөн сыласа, наристенин мандайында жылдызча тамга калат.


Пери учуп кетет да, уйкудан ойгонгон аял үйүнө жөнөйт.

Апасы чынар терек түбүндө төрөлгөн уулунун атын Чынарбай койот. Бала күн сайын эмес, саат сайын тороло берет. Чынар терек дагы көккө бой керет. Кечинде бир кулач, таңда дагы бир кулач узарат. Чынарбай, ошентип, чынар терек алдында ойносо да, анын сырын биле бербейт.

Бир жолу Чынарбай токойду аралап баратып, капилет дабыш угат. Бадалдан башын созо караса, арыстан «ар-р!» этип, жаш мергенчини баса жыгылыптыр. Азуу тиштерин алкымга батырганы турат, аттиң! Арыда арыстан чалган аты жатат канталап.

Чынарбай кылчактап турбай, колундагы таякты шилтеп, арыстанга тап берди. Чоочун дабыш уккан жырткыч артына кылчайгыча, мергенчи анын тырмагынан бошонду. Шамшарын сууруп чыгып, Чынарбайга атырылчу арыстандын жолун тороду. Чынарбай дагы мергенчинин жерде жаткан найзасын алып, тик сунууга үлгүрдү. Ыркыраган жырткыч аргасыз кетенчиктей, аркы бадалга аттын этин сүйрөп кетти.

Ашык деген мергенчи менен Чынарбай ошондон тарта ажырагыс доско айланды. Ал-күчү артылган Чынарбай досу сындуу бой жетип, акыры чынар теректин да сырын билди.



Чынар теректи шынаарлаган Чынарбай кайсы бир жолу капилет көрунушкө кубө болду. Теректин кылда учунда алтын көкул айдай сулуу конуп отурган экен. Чынарбайга көзу чагылышкан сулуу көк асманга көтөрулуп учаары менен чынар терек бир кулачка узара тушту.

Алтын көкул сулуунун айдай жузу уландын журөгунө так салды. Үч кун, уч тун чынар теректи кузөтту. Алтын көкул кыз келээр бекен деп кутту. Төртунчу кун дегенде Чынарбай перинин кызы кеткен тарапка бет алмай болду. Ажырагыс досу Ашык аны жалгыз жибербей, эки ат менен аттанышты.

Эки дос «карк» эткен карга, «кук» эткен кузгун жок кыржондо кыйналды, ээн жерде эрмелди. Өздөру ыргыйдай, аттары торгойдой болуп, азыгы тугөнду. Ээн талаа, эрме чөлдө эринге тамызчу тамчы суу табылбас.

Капысынан бою бир кулач, сакалы миң кулач абышка алдыдан карпа-курп чыкса болобу! Уландар ызаат көрсөтө, ийиле салам айтышты.

— Уулум, — деди абышка Чынарбайга, — кимди издеп чыкканыңды билем. Алтын көкул сулуу — перинин кызы. Аны табууга жардам берем.

Абышка анан Чынарбай менен Алтынайдын — алтын көкул сулуунун бир кундө төрөлгөнун, уландын бешенедеги тамгасынын сырын, Алтынайдын апасы ага «тагдырың тайкы болбосун» деп бата бергенин баяндап өтту.

— Ата, эми мен эмне кылсам? Перинин кызын кантип табам? — деп сурады Чынарбай. — Алтын көкулду көргөндөн бери жаным жай албады.

Абышка досторду колдоп, перигe барчу жолду айтып берди.

Жол оңой эмес, жоболоңдуу эле: эки дос ээн талаа, эрме чөлдө ач карышкырлардан эптеп кутулду, андан ажыдаарлар быкбырдай кайнаган өрөөнгө тушуп, алардын башын аргымак аттарынын курч туягы кырчып, араң дегенде арылышты.

Кундуз дагы кун тийбеген тунт токойдо жырткычтардын курчоосуна туш келди. Бою бир карыш, сакалы миң карыш абышка айткандай, аларга аттарын сойуп берип, алда-жалда өздөру аман-эсен чыгышты.



Акыры ажырагыс достор токойдон чыгып, ак өргөөнү көрүштү. Босогосун аттап киришсе, Алтынай суйсала уктап жаткан экен. Анын эки өрүм алтын чачы босогодон төргө чейин суналат. Чынарбай менен Ашык эки өрүм чачты тутамдай кармап, абышка үйрөткөндөй, белдерине беш ороно бекем курчанышты. Перинин кызы чочуп ойгонуп, уландар менен бирге көк асманга учуп чыкты. Үч ирет аларды көктөн жерге кубусө дагы, кош өрүм чачты колдон чыгарбады экөө. Акыры айласы кетип, амалы түгөнгөн кыз жерге конууга аргасыз болду.

Чынарбайды кылчак караган Алтынай мындай деди:

— Чынар терекке конорумда сени көрүп калчу элем. Деги кимсиңер? Көздөгөнүңөр эмне?

Чынарбай ойдогусун жашырбай, кызга чындап ашык экенин айтты. Кыз дагы аны бир көргөндөн жактырып калганын билдирди.

Айдай сулуу перинин апасы болсо, бешенесиндеги жылдызча-тамгадан Чынарбайды таанып, эки жашка ак батасын арнады.

Чынарбай менен Ашык тоо койнуна боз үй тигип, аңчылыкка чыгып туруштү. Чукул арада шаркыратма бар эле, асканын боорунан атырылып чыккан суудан чакан көлмө жаралаган. Ошол көзгө көркөм көлмөдө Алтынай сууга чөмүлчү.


Алтынай сууга чөмүлчү керемет күндөрдүн биринде анын башынан бир тал алтын көкүлү түшүп, суу менен агып кетти. Суунун ылдыйкы агымында хандын тегирмени бар эле. Бир тал чач тегирмендин барасына оролуп, ал айланбай токтоп калат. Тегирменди текшерген малайлар бир тал чачты таап алып, ханга жеткиришет. Алтын көкүлдү көргөн ачкөз хандын көзү чанагынан чыга түшөт.

— Укмушуң кур! — деп таңыркайт хан: — Деги ушундай алтын көкүлү бар адам болорбу?

— Болот, — дейт анын кеңешчиси: — Тоону мекендеген перинин чачы ушундай, ханым.

— Эмесе, эмне турасыңар, тапкыла! — деп буйрук айтат хан: — Тезинен тапкыла!

«Алтын көкүл кызды тапсам, мен байыбаганда ким байыйт? — деп кыялданат кыйды хан. — Ар тал чачы алтын болсо... Бирок,



перини багынтуу оңой эмес. Күч колдонуу жарабас... Айла менен, амал менен колго түшүрөлү».

Өзүнүн өргөөсүн айланчыктап, аш-тамактын калдыгын терип жеген бүкүр кемпирди чакыртып, хан муну айтат:

— Эгер ишке жарасаң, ат башындай алтын берем. Эртең эле байыйсың, эрге тийесиң. Мага перинин кызын — алтын көкүлдү таап кел!

Кудураган кемпир лып эле макул болот. Суу башына кайык менен мөңкөңдөп сүзүп жөнөйт. Аз өттүбү, көп өттүбү, айтор, шаркыратмага жетет. Кайыгын камышка катып, кемпир боз үйдүн жанындагы ташка келип отурат. Алтынай чыкчу кезди аңдып, үшкүрүнө жалбарат:

— Кудураган башым, куу башым. Жаралгандан багым жок, каралашар жарым жок, казан тургай, тамым жок. Кызым мени аяп кой, колтугумдан таяп кой!..

Кемпирге боору ооруган Алтынай аны үйгө киргизет. Кечинде аңчылыктан кайткан Чынарбай менен Ашык дагы бүкүр кемпирге боор толгошот.

— Жалгыз эригесиң, — дейт Чынарбай аялына, — мейли, эртели-кеч сага эрмек болсун!

Арадан анча бир күн өтүп, эки дос адатынча аң уулап жүрүшкөн. Тоонун көркөм көлмөсүнө чөмүлгөн Алтынай жээкке чыгып, кара ташта отурган кемпирге чукулдай басты.

— Кызым, айланайын, карыдым мен, арыдым. Көзүм да көрбөй барат. Тээтиги эмненин караанып? — дейт кемпир камыштагы катылуу кайыкка кол жаңсай.

Алтын көкүл сулуу эч качан кайыкты көрбөгөн экен, эмне айтарын билбей калат. Бүкүр тилемчи өзүнө перини катар отургузуп, кайык менен суу ылдый сүзүп жөнөшөт.

— Кайык деген ушу. Карачы, сууда кайкып сүзөлү, — деген кемпир Алтынайдын алтын көкүлүн сылап-тарайт. Бүкүрдүн күбүр-шыбыр келмесинен кыздын көзү илинип, көшүлүп кетет.

Алтынай сулуу көзүн ачса, колу байланып хандын өргөөсүндө, айланасы түгөл куралчан жансакчылар...

Чынарбай менен Ашык эртеси кечинде үйгө келип, Алтынай менен бүкүрдү эч жерден таппай калышты. Кирген дагы, чыккан



дагы из жок. Болду-болбоду дешип, суу ылдый издеп жөнөштү.

Таң ата эки дос бир шаарга туш келишти. Калк ушунча көп дейсиң, тимеле каршы-терши кумурскадай агылат. Баарынын кеп кылганы: алтын көкүл периге хан үйлөнөт имиш, тоодой эт, көлдөй чык тартылат имиш.

Аңгычакты аянтка ханды молдо коштой келип, бет маңдайдан жасоолдор Алтынайды алып чыгышты. Ага жаңы зайыптай ак көйнөк, шөкүлө кийгизип коюшуптур. Калың караан ичинен Чынарбай менен Ашык айра таанылбас эле. Бирок, Чынарбай мылтыгын дүрмөттөп атып, өзү жөнүндө белги берди.

Калың эл ушунчалык элтең эте калды дейсиз, жасоолдорду жара түрткөн Алтынай эки дос тарапка учуп жөнөдү. Чынарбай менен Ашык анын анын эки өрүм чачына жармашып, пери болсо асманга көтөрүлө учуп кетти. Көпчүлүк эл көк асманды аңкая карап, калпактары башынан жерге кулады.

Өз үйүнө кайтып келген Чынарбай менен аялы мындан ары туулган жерге кетели деп кеңешти. «Ата-энемди көрбөгөнүмө көп болду, — деди Чынарбай, — алар да бизди сагынган чыгаар».

Эки дос менен бирге перинин кызы Ата журтка сапар улашты. Алардан озуп, айылдан айылга мындай кабар тарады: «Сулуу периге үйлөнгөн Чынарбай келатат!»

Бул кабар ханга да жетти. Чынарбайга жамандык жасамай болду.

Аппак таң атаарда Ашык досу Чынарбайга кеп салды:


— Түндө көргөн түшүм аян берди. Каардуу хан бизди курутмай болуптур. Мага ишен, досум. Эмне десем, ошону орундатсаң, кырсыктан кутулуп чыгабыз, макулбу?

Чынарбай макул болду.

Кайсы бир айылдан үч жигит токулгалуу үч ат менен аларды утурлай чыгышты. Өңү кардай боз атты периге, калган эки кара атты эки доско туура тартышты. Ашык анда Чынарбайга кайрылып, кара аттардын ээрин алып, өрттөп сал деп суранды, анткени аларга уу сүйкөлгөнүн билген эле.

Дагы бир айылдан бир жаш жигит Чынарбайга беш түлөк бүркүт тартуулап калды. Бирок, Чынарбай алгыр куштун томогосун сыйрып, туурун өрттөп, өзүн көккө агытып жиберди.

Ээн талаада жүргүнчүлөр ээн үйгө кез келишти. Чарчап-



чаалыккан эмелер эс алганы ниеттенди. Керегеде келишкен эки чапан илинип турат. Атайын эки доско арналгандай. Бирок, Ашык бул кийимдерди да керегеден этият алып, өрттөп салды. Башка кырсыктан бейкапар жатып уктамай болушту.

Түн жармында Ашык алда неден бушуркөй ойгонду. Кереге түптөн кирген уулуу жылаан досунун аялын беттен чагып кеткенин көрүп калды.

Шамшар менен жылаандын башын кыя чапкан Ашык уйкудагы Алтынайды чочутпай, бетиндеги жараттан ууну соро баштады.

Ушул учурда Чынарбай дагы ойгонуп кетти. Аялымды Ашык өөп жаткан экен деп ойлоп, ачуулуу үн катты:

— Дос деген ушинтмек беле? Сен биздин достукка шек келтирдиң!..

Антип айтып болгуча, дагы бир жылаан Чынарбайды чагып алды да, капталына кулады үнсүз-тилсиз...

Досунун сулк денесин көтөрүп, сандыкка салган Ашык кайгылуу сапарды бет алды. Алтынайга «Хандын кырсыгынан сактан!» — деп айтууга гана үлгүргөн Ашык сандыкты көтөрүп тышка чыкты.

Алтынай болсо, жерге жети ийне сайып, минтип айтты: «Жети кабат дубалы бар чепке айлан!» Ошо замат перини темир дубалдар курчап, кырсыктан коргоп калды.

Ал аңгыча Чынарбайдын денесин көтөргөн Ашык ээн талаа, эрме чөлгө жетти. Алдан тайып, амалы куруп, сандыкты бир дөбөгө койду да, досунун армандуу өлүмүнө өксүп отурду. Капысынан бет алдынан баягы киши — бою бир карыш, сакалы миң карыш абышка чыга калса болорбу!

— Уулум, сен досуңдун бактысы үчүн азап тартууга даярсыңбы?

— О, мээрман акылман, — деди Ашык көзүнүн жашын көл кылып: — Чынарбай менен Алтынайдын бактысы үчүн бардыгына даярмын!

Абышка сандыктын оозун ачып көрдү. Анан чуңкур казып, ага Чынарбайды салып, үстүнөн кум менен көөмп коюуну буйурду Ашыкка. Айтканы аткарылган соң, абышка ошол чуңкурдун үстүнөн эки ирет ары-бери секирип, топуракты таягы менен



сайгылап, бир нерселерди кубурөдү да, көздөн кайым болуп кетти. Ошол эле замат Чынарбай ордунан козголуп, көзүн сүртүп, кубанычы койнуна батпаган Ашыктан минтип сурады:

— Биз кайдабыз деги?

Ашык ага хандын кыйдылыгын айтып берди. Чынарбай аккан досу Ашыктан шек саногонына уяла түштү. Алтынайга жөнөштү экөө ашыга.

Хан болсо, темир чепти төрт тарабынан курчап, жасоолдорун түгөл кыйнап, усталарын текши жыйнап, темир дубалдарды араалата, кулата албай убара.

Күтүүсүз келип калган Чынарбай менен Ашыкты көргөндө хандын төбө чачы тик туруп, эки досту өлтүрүп салууга буйруду. Антсе да, эки аңчынын жебелери жасоолдорду жер жаздантты. Колбашчыдан айрылган желдеттер туш келди качып берди. Канкор жана каардуу хандан бошонгон эл чындап сүйүнүп, Чынарбай менен Ашыктын эрдигин даңаза кылды. Карапайым калк Чынарбайды өздөрүнө башчы шайлашты.


Жаңы хан өзүнүн алтын көкүл аялы, перинин кызы менен бактылуу өмүр жалгады. Чынарбай ажырагыс досу Ашыкты жаш сулууга үйлөнтүп, байлыгынын жарымын бөлүп берди. Көп өтпөй Чынарбайдын ата-энеси да көчүп келип, жакшылыкка күбө болушту. Карыган ата-энеге кам көрүү балдардын парызы эмеспи. Аз өттүбү, көп өттүбү, айтору, алар небере жытын искешти.

Бир гана жагдай Чынарбайдын көкүрөгүн өйүдү: Ашык досу балалуу болбоду, байлык колуна толбоду. Чынарбай мунун сырын түк түшүнбөй, кеңешчилеринен сураса, бир даанышман минтип айтты:

— Сени жылаан чакканда, досуң Ашык табытыңды ай-талаада көтөрүп баратып, Алладан минтип суранган: «Мага байлыктын кереги жок, баласыз жүрсөм да макулмун, аккан досум Чынарбай аман калса гана болгону!» Анын арманын Алла уккан. Сен, Чынарбай, бул жашоого кайрадан жаралдың, ал эми досуң Ашык эч качан балалуу болбойт, байлык да топтобойт...

Чынарбай аккан досун андан да терең кадырлап, өмүрү өткүчө айрылган жок. «Аккан дос айрылбайт» деген кеп эл ичинде ошондон калган.




Сыйкыр таш

Эзелки көөнө заманда эки бай too койнунда коңшу жашаптыр. Экөө теңкутурөгөн мал, уйүр-уйүр жылкы кутсө да, байлыгыбыз ого бетер ашып, бакытыбыз ого бетер ташып турса деп эңсечу экен.

Кундөрдун бир кунундө эки байдын бири Шамыр коңшусу Медетке кайрылып, малдын теңин пулдайлы да, Багдадка кербен жөнөтуп жыргайлы дейт. Шамырдын айтымында, мал-салды кымбат сатып, ордуна парсы килемин, кештелуу кийим-кечегин, атыр-самынын арзан алып келсе, мындагы карапайым калк жерге тийгизбей талап кетет имиш. Ошентип, оңой олжого туйтунмак экен эки бай.

Коңшунун сунушун колдогон Медет алыс жолго аттанууга макул болуп, жанына Шамырдын эр жеткен уулу Жапарды ээрчитип алат. Шамыр болсо эки уйгө көз салып, Медеттин аялы менен кабыргасы ката элек уулу Бакайга каралашып турууга сөз берет.

Арадан төрт жыл өтсө да, алыска аттанган кербенден эч дарек жок. «Кейпи, кербенге каракчылар кол салып, эки кургурду өлтуруп кетсе керек», — деп бутум чыгарат Шамыр. «Болору болду, бойоосу канды. Мен эмнеге зыян тартышым керек?» — дейт да, Медеттин мал-мулкун өз колуна алгысы келет. Бул учун Бакайдан кутулуу зарыл.

Медет кеткени анын аялы менен уулу Шамырдын уйундө жашап жургөн. Бай абай салып байкаса, Бакай эмнегедир бош турган короого көбурөөк кирип-чыгат. Бир куну бала медресеге молдого кеткен маалда Шамыр ошол короого кирип, бурчта казылган чуңкурду көрөт. Чуңкурга суу толуп, анда бака чардап отурат!

Кечинде медреседен кайтып келген Бакай адатынча бош короого кирет. Кирсе, чуңкур жанында Шамырдын каары кайнап турат.

— Өз баламдай өстурдум эле сени, — деп кыйкырат



балага: — Сен болсо куттуу конушка бака бага баштапсың! Сасык жандык киргизип, короо-жайымды кордодуң! Жогол уйдөн, тышка чык!

Бакай бул баканы араба тебелеп кетип, жамбашы сынганын, жаралуу жандыкты сакайтып келатканын тушунткусу келди. Каарынан кайтчудай эмес бай.

Бакай жаралуу баканы колуна алып, бет алды басып кетти. Көп журдубу, аз журдубу, акыры чоң көлмөгө туш келди. Баканы бошотмой болуп, суу жээгиндеги дөңсөөгө койду. Илмейген жандык капыстан мындай дебеспи:

— Менин жанымды сактап калдың, Бакай! Аныңа миң мертебе ыраазымын! Мобул ташты алып кой. Жөнөкөй эмес, сыйкыр таш! Ойлогонуң ошол замат орундайт, — деди да, оозунан оймоктой жашыл ташты буркуп жиберди: — Бакай, жогото көрбө, ал сага бакыт тартуулайт! Бет алган жолуңдан тайбасаң, тагдырың болот таалайлуу!

Бакасы менен коштошкон бала жалгыз таман жолдо илгери баса берди, баса берди. Кун батаар кезде кучтөн тайып, дем алганы отурду. Жанында жыландын териси жатканын көруп, Бакай сыйкыр ташты сынамай болду. Ташты кургак териге тийгизип, жылан тирилсе деп ойлоду. Ой-бой! Жыланга ошол замат жан бутсө болобу! Улан ордунан секирип кетти, бирок жылан уусун чачпай эле минтип шыбырады:

— Коркпо, Бакай! Сен мени кайра тирилттиң. Эми сага тубөлук дос болом. Кокус кыйналып калсаң, мени чакыр, сөзсуз жардам берем.

Жылан өзун чакырчу дубалуу сөзду шыбырап айтты да, караган-черге сойлоп кирип кетти. Бакай кайрадан сапар улады. Дагы көп кун, көп тун журду. Эптеп азык таап, ээн жерде тунөду. Бир куну Бакай талаадан кишинин баш сөөгун көруп калды.

Сөөгу көмулбөй талаада жатса, бул киши капилет кырсыкка кабылса керек. Улан ушул кишини аяп кетти. Сыйкыр ташын алып чыгып, баш сөөккө тийгизди. Бакайдын таң калганын



айтпаңыз, жаш жигит жаркылдап тура келсе болобу! Бул баягы Багдадга кеткен Жапар — Шамырдын уулу эле!

— Жапар! — деп кыйкырып жиберди Бакай.

Баягыдан эр жетип калган коңшусун тиги араң тааныды:

— Бакайсыңбы? Кайдан?

Бакай болсо, атасынын кабарын эртерээк уккусу келди. Иштин жөнүн түшүнттү Жапар. Көрсө, Багдаддан кайтканда аларга каракчылар кол салыптыр. Курч жебенин бири Бакайдын атасы Медеттин как жүрөгүнө кадалат. Жапар ушуну гана көрүп, башкасын билбей калыптыр.

Өзүнүн көзү-башын өзү сыйпалаган Жапар өңүмбү же түшүмбү дегендей күмөндөр. Бакай ага сыйкыр таштын жайын түшүнтүп, атасынын сөөгү азыр кайда жатканын сурады. Айланасын таңыркай караган Жапар бул жерди тааный албады. Кейпи, сөөк жаткан жер мындан алыс болсо керек. Кантсе да, каракчылар катылган жерди табууга көмөк бермей болду.

Андан ары уландар бирге жөнөштү. Тамчы суу табылбас чөлдө экөөнүн таңдайы катты. Көп өтпөй терең кудукка туш келип, тээ түбүндө жылтыраган сууну көрүштү. Кийим-кечени бут байлаштырып, аркандай өрүп, кудуктун түбүнө жетүү зарыл.

— Салмагың жеңил, сен түш, — деди Жапар.

Кудук түбүнөн тебетейи менен суу сузган Бакай, аны арканга байлап, өйдө жөнөттү. Кууш түпкүрдө кайра арканды күттү. Аттиң, Шамырдын уулу Жапар аны алдады! Суудан кана ичкен соң, Бакайдын сыйкыр ташын алып, көздөн кайым кетти!

Кудуктан чыгууга Бакайдын кудурети жетпеди, жылма таштар жылдырбай, төмөн сыйгалана берди.

Арадан канча убакыт өткөнүн унута баштаганда бейтааныш добуштар угулду уланга. Кербен келип токтоптур. Кудук түбүндөгү кишини көргөндөр кербен башчыга айтышты. Кербен башчы уланды чыгарып, кийинтип, тамак-аш берүүнү буюрду.

ОШСКАЯ
областная детская
БИБЛИОТЕКА

«Мени белгисиз бирөөлөр тоноп, кудукка салып кетти», — деп койду Бакай. Кербен башчы уланды ээрчитип алды.

Аңгычакты кербен чоң калаага жете келди. Соодагерлер соода менен алектенип, Бакай калааны кыдырды. Тааныш эмес көчөлөрдү көпкө аралаган улан бир маалда адашып калганын түшүндү.

Кенен аянт, чоң имарат жанында Бакай демин басып отурду. Кутуусуз көрүнүш анын чарчап-чаалыкканын унуткара салды саамга.

Алчактаган ат минип, жасалгалуу тон кийип, жан-жөкөрлөрү коштой чапкан Жапар анын жанынан өтүп, чоң дарбазага кирди. Ордунан атып турган Бакай чакырайын дегиче, дарбаза жабылып калды. Илгери умтулгуча, желдеттин бири далысына камчы чаап өттү Бакайдын.

Улан ооруган далысын сыйпалап, орто жолдо талмоорсуп турганча, бир нече жасоол дарбазадан чуркап чыкты. Найзаларын тик сунуп, Бакайды курчап алышты да, дегдеңдете айдап жөнөштү. Ак жерден жабыр тарткан уланды түрмөгө — зынданга камашты. Бул шаар четинде казылган, үстү темир тор менен жабылган терең кудук эле.

Жапар кыйгач карап өтсө да, Бакайды тааныган шекилди. Ошол замат түрмөгө түртүп жатпайбы! Арамзанын амалы күч деген ушу. Сыйкыр таштын жардамы менен султандын вазири болуп, аксарайдын төрүнө чыкканын кара!

Бакайга жардам берчү бирөө-жарым барбы? Ии, бирөө бар эмес беле. Ошону эстеп, дубалуу сөз айтты Бакай. Шуулдаган үн чыгып, зынданга жылан сойлоп кирди.

— Кудуктан чыкканга жардам бер, — деди Бакай.

— Адегенде сыйкыр ташыңды табышайын, — деп шыбырады жылан.

Зындандын караңгы бурчуна жебедей октолгон жылан кичинекей чычканды куйругунан сүйрөп келди. Тиги чыйпыйы чыгып чыйылдаса, зындандын боорундагы толгон токой ийиндерден башка чычкандардын мурду чыга калды.

Алардын эң картаңы аярлай басып, ортого чыкты. Эки капталынан дагы эки чычкан коштой келет. Жыланды, анан Бакайды чочулай караган чычкан минтип айтты:

— Урматтуу жылан! Мен Чычкан падыша болом. Сиз менин неберемди куйругунан кармап алган экенсиз. О, дараметтуу жана даанышман жылан, аны бошотсоңуз деп өтүнөм. Эмне сурасаңыз, бардыгы аткарылат!

— Жакшы сөз жан эритет, — деп шыбырады жылан тишин ачпай: — Бирок, сизден бизге эмне керек? Чычкандар сыйкыр ташты таап келсин. Аны султандын аксарайына жаңыдан келген улан жашырып жүрөт.

Чычкан падыша өз чычкандарына суроолуу тигилди. Көбү билбейбиз дегендей баш чайкады. Аппак чычкан алдыга чыгып, көкүрөк кере кеп салды:

— Аны Жапар алса керек. Уктаарда дагы оозуна бир нерсе салып жатат. Сыйкы, ошол сыйкыр таш!


— Жаныңа чычкандардан жолдош алып, ошол ташты таап кел! — деди Чычкан падыша.

Жылан ушундай убададан кийин небере чычканды бошотту. Чыйпылдаган чычкандар ийинге агылды. Жылан өзү да тышка сойлоп баратып, Бакайга муну айтты:

— Түндөсү аксарайга кирем да, султандын кызын чагып алам. Сен, Бакай, чуру-чуу добушту угарың менен минтип катуу кыйкыр: «Султандын кызын мен дарылайм! Мен дарыла-айм!» Ага чейин чычкандар сыйкыр ташты өзүңө жеткирет да, кызды дарылап, айыктыра аласың.

Бакай жалгыз. Күткөндө убакыт өтпөй калат. Чычкандар сыйкыр ташты таппаса, эмне болот? Анда арамза Жапар кайрадан султанды алдап, Бакайдын башы зынданда чиримек!

Капысынан тыштан дупур-дупур, чуру-чуу добуштар угулду. Зындандагы улан даана укпаса дагы, ага жылан үйрөткөндөй, катуу кыйкыра баштады: «Султандын кызын мен дарылайм! Мен дарыла-айм!..»



Кыйла мезгил өтсө да, чычкандар келбеди. Ал эми Бакайдын кыйкырганын эч ким тоготоор эмес. Кейпи, мындагы бардык жасоолдор аксарайга ашыгып жөнөсө керек.

Султандын сарайы чыны менен астын-устун тушуп жаткан. Кыз оорудан чыдабай онтойт. Бутундагы шишик өөдөлөп, канчайымды катуу кыйнап барат. Жасоолдор шаарды тугөл тинтип, табыптар менен дарыгерлерди жылуу төшөгунөн козгоп келуудө. Калаадагы табып аттуунун баары аксарайда, султандын кызынын кашында каланып турушту. Эгер кызым айыкпаса, баарыңардын башыңар кыйылат деп султан алардын журөк ушун алган. Эгер кызымды ким айыктырса, ага жарым падышачылык берилет деп умтөткөн. Бирок, бир да бир табып ооруга дабаа таппай, кыз кыйналгандан кыйналып барат утуру.

Аргасы куруган султан шаардын көчөлөрунө жарчыларды жабылтып, минтип жарыя таратты: «Эгерде ким айыктырса, канчайым анын жары болот! Эгерде ким дабаа тапса, канчайымды алат!»

Ошондо султан Жапардын «айтканыңыз — аткарылат» деп мактанганын эстеп, уланды өз алдына чакыртты. Уйкудан ойгонгон Жапар сыйкыр ташын таппай, сыйпалап калды. Оозундагы ташты кантип эле жутуп жиберсин? Чычкандар куйругу менен мурдун кытыгылап, ал катуу чучкургөндө, сыйкыр таш оозунан ыргып кеткени оюна да келген жок. Эбин тааптыр, эх, чычкандар!..

Султанга келген улан абдаарыйт. Тили кесилип калганбы? Кызымды айыктыр деген суракка жооп таба албай, кара терге чөмулөт. Аңгычакты аксарайга кирген уйчу зынданда бирөө «султандын кызын дарылайм» деп кыйкырып жатканын айтат. Жапарды дарга асканы турган султандын жарпы жазылып, жасоолдорун зынданга жиберет.

Бакайды аксарайга алып келишти. «Кызымды дарылай аласыңбы?» деп сурайт султан. «Дарылайм!», — дейт Бакай. Ажал оозунда турган кызды дарыгер уланга көрсөтушту.



Бакай сыйкыр ташын тийгизип болгуча, ал кыз куландан соо айыгып кетти.

Султан чексиз кубанды. Дартка дабаагер уланды мончого жуунтуп, барктуу кийим кийгизип, нарктуу жерге жаткыруунга буйрук берди.

Жапар таң атпай султанга келип, минтип айтат:

— О, кудуреттуу таксыр! Сиздин кызыңызды дарылаган улан жөн киши эмес, сыйкырчы! Сыйкырчылык жайынан улам менин сыйкыр ташымды ээлеп алды. Кучумө күч кошкон таш колумда турса, кызыңызды ошол сыйкырчы эмес, мына, мен дарылайт элем. Эми сак болбосоңуз, сизди өлтүрүп, тактыңызды тартып алат бул ниети бузук!

Жапарга «Кутуп тур мени!» деген буйрук берди султан. Өзү болсо, Бакайдын бөлмөсүнө кирди. Бейкапар уктап жаткан уландын чөнтөгүнө кол салып, оймоктой жашыл ташты алып чыкты. Анан аны ойготуп, иштин жайын сурады. Бакай эч нерсени султандан жашырган жок: баканы кантип бакканын, белекти кантип алганын, Жапарды кантип тирилткенин жана анын кыянат жасаганын айтып берди. Канчайымды кантип дарылаганына чейин болгонун болгондой баяндады.

— Эми сизге бардыгы дайын, кандай десеңиз, ошого макулмун, — деп сөзүн бүтүрдү Бакай.


Ушуну айтып бүтөрү менен бөлмөгө Жапар жулунуп кирди:

— Жалган айтат! Мунун баары карандай калп!

Султан көз ирмемге ойлоно калды да, анан алаканын ачып, экөөнө тең жашыл ташты көрсөттү.

— Ким чындыкты айтканын азыр билебиз, — деди султан: — Кана, Жапар, бул ташка колуңду тийгизип көрчү?

Жапардын колу ташка жакындары менен чычаладай куйкаланып, капкара боло түштү. Бакай болсо, эч тартынбай колун сыйкыр ташка тийгизди. Султан дал ушул уланга сыйкыр ташты сунуп, ууртунан жылмайды:



– Акыйкат ар дайым азыркыдай аныкталып турса, аттиң!

Жапарды тике караган Бакай өктөм сурады:

– Айт эми, атам кайда менин?

Чычаладай карарган колу ооруганына чыдабаган Жапар чындыкты айтууга аргасыз:


– Коңшу султанга кулдукка саттым эле.

Бакай сыйкыр ташты Жапардын колуна сыйпады эле, ал мурдагы кадимки калыбына келе тушту.

Эртеси султан Бакай менен кызынын үйлөнүү үлпөтүн өткөрдү. Сыйкыр таштын жардамы менен Бакайдын ата-энеси анын жанында отурду. Жапарды болсо өз атасы Шамырга жөнөтүп жиберди.

Ошентип, Бакай бактылуу жана байсалдуу өмүр сүрдү, өз элин акыйкат башкарды.




Отунчу

Бул окуя илгериден илгери болгон көрүнөт... Жарык дүйнөдө Абдылда аттуу отунчу жашаптыр. Таң аткандан күн баткыча токойдон куу жыгачты кулатып, отун кесип араалап, үйгө ташып турчу экен. Батийма деген аялы отунду базарга сатып, ошону менен оокат-тирлик өткөрүшөт. Ичерге тамак-аш, калганына кийим-кечек алып, күн көрүшөт. Батийма бир аз тыйынды үнөмдөп, күйөөсүнө көйнөк-көнчөк тигет, таар согот, килем токуйт. Эчкинин сүтүнөн быштак жасап, анысын Абдылда токойго ала кетет.

Убакыт зымырап, отунчунун үйүндө уул төрөлөт. Батийма менен Абдылда ага жетине албай сүйүнөт. Бактылуу болсун деп, уулдун атын Бакберген коюшат. Бирок, каражат тартыш болгон соң, агайын-тууганды чакырып, бешик той өткөрө алышпайт. Абдылда адатындай аялы берген насипти алдына жайып, кабагы бүркөө отурган. Кара жанды карч урсаң да, каражат жетишпейт! Ойдон-тоодон жыйнаган отуну ойдогудай өтпөйт. Жайнаган отундун жай саратанда кимге кереги бар?

Ойго баткан отунчу бир аксакал жанына келгенин байкабай да калды. Ак чалма чалынып, ак чапан кийген аксакал кызыга карайт. Аны сезген Абдылда селт этип, аксакалды даам татууга чакырат. Алдындагы аш-даам азыраак болсо да, отунчунун пейили кенен эле. Өзү жебесе да, кара токоч менен сары быштакты бейтааныш адамдан аямак эмес! Экөөлөп даам татып, аягында Абдылда чай да кайнатып берди.

— Меймандос жан экенсиң, Абдылда, ыраазымын! Мен өмүрдө мынчалык даамдуу токоч, татуу быштак жебегем, жыты жыпар чай ичпегем, — деди аксакал.

— Аз да болсо, көптөй көрүңүз... Бул токоч менен быштакты аялым Батийма жасайт. Чайды болсо, тоонун жыпар чөбүнө демдейм, — дейт отунчу аптыга.

— Токоч даамдуу, быштак таттуу болгону бекеринен эмес. Ага сенин аялыңдын арзуусу менен арманы кошулган тура! Кээде карының ачса да, кадырың качпасын. Ак тилегиңе, кең



пейилиңе ыраазылык айтсам деймин, Абдылда! Эмне ойлоп, эмне эңсеп жүргөнүңдү билем. Тээтиги чоң ташты көрдүңбү? Ошонун астынан жайыл дасторкон, жибек чапан, темир таяк табасың.

— Аксакал, мага акча керек эле. Өзүң айткан буюмдарды бүт сатсам, керегиме жетер бекен? — деп сурады отунчу.


— Катыгүн, сата көрбө, булар жөнөкөй эмес, сыйкырдуу буюмдар! — деп чочуп кетти аксакал: — Жайыл дасторкон жеке өзүңдү гана эмес, жалпы агайын-журтуңду багат. Аны жая салып, ойдогуну айтсаң болду, ошол замат каалаган тамак-ашың табылат. Жибек чапанды кийсең, көзгө көрүнбөс болуп каласың. Кезинде анын да кереги тийер сага. Ал эми темир таякты каалаган жерге кадасаң, жер алдынан жашыруун жол ачылат. Тепкич менен кылчактабай төмөн түшсөң, сары таш төшөлгөн жолду, тегерете тигилген жемиш бакты көрөсүң. Эми, Абдылда, эсиңде болсун, жолдун сол өйүзүндөгү гана жемишти терип ал. Оң өйүздөгү жемишти эч качан жыйнай көрбө!

Ушуну айткан абышка көздөн кайым. Оң-солду караган отунчу анын караанын да таппай калды. Абдылда ошол аксакал айткан ташка келди. Бирок, канчалык көтөрөйүн десе дагы, ташты козгоого дарманы түк жетпеди.

Абдылда аздан кийин Батийманы ээрчитип келди. Экөөлөп таштын алдына бакан менен бутак төшөп жатып, бир аз өйдө көтөрүштү. Оор таштын алдына отунчу колун сойлотуп, чакан түйүнчөк сууруп чыкты. Анда дасторкон, чапан жана таяк бар экен. Абдылда дасторконду жерге төшөп, «Бере көр бешмармак» деди. Эттин даамы «бур-р» эте, даамдуу тамак келе калды. Отунчу өз аялы менен өзөгү тойгуча бешбармак жеген соң, сыйкырдуу буюмдарды алып, үйүн көздөй ашыкты.

Ошондон тарта алардын үйүнөн дүйүм тамак, чакырылган меймандар арылбады.

Абдылда бир жолу сыйкырлуу чапанды сынап көрмөй болду. Үстүнө баса кийип, айыл аралап чыкты. Байкаса, эч ким байкабайт аны. Отунчунун сүйүнгөнүн айтпа! Антип-



минткиче кан базарга жете келди. Каршы-терши агылган калк: кызылкулак соодагерлер Көйкаптан келген мулкун жерге-сууга тийгизбей мактаса, чебер усталар четинен шакек-билерик жасап, кумарада муздак суу менен куурулган балык саткан балдар тигинден-мындан тызылдайт.


Эл дүрбөп, эчен мулк быкбырдай кайнаса да, Абдылда менен эч кимдин иши жок. Отунчунун ошого бир моокуму канды дейсиң! Набайчыга чукулдай келип, бир май токочун маймаңдай чайнады. Минтип ашынып кетсе, акыры бир жамандыкка кептелерин түшүндү Абдылда. Май токочту куйшөп койгонуна уяла түштү. Койнунан тыйын алып, набайчыга байкатпай анын намыянына салып койду. Эч качан эч кимди алдабаш керек деп ант берди Абдылда.

Капысынан ал көчөнүн аркы бурчунан бир ууру капарсыз бир кишинин намыянын кыркып алганын көрүп калды. Отунчу ошол уурунун артынан түштү. Тигил колу туткак эме жөн баспай, ар кимдин акчасына кол сунайын дегенде, Абдылда жеңинен тартып, колтуктан түртө берди. Акыры тажаган кылмышкер ээн жерге басып, оңой олжосун санамай болду.

Ууру ар кимден өөнөгөн арам акчасын жоолука жайып, санап киргенде, Абдылда аркасынан таш ыргытып койду. Селт этип кеткен ууру бул жорукту түшүнгүчө, Абдылда акча салынган жоолукту сыйкырдуу чапанына катып алды. Олжосуна эңкейген эменин үрөйү учту, эки көзү чанагынан чыкты. Алдындагы акчаны жер жутуп кеттиби? «Уурунун жолу кууш», — деген ушу!

Ээн жерде катуу каткырык уккан кылмышкер «шайтан, шайтан!» дегенден башкага алы келбей, турган жеринен жебедей атыла дыр берди. Абдылда күлкүсүн көптө барып араң тыйды. Уурудан жабыр тарткандарга таман акы, маңдай терин кайтарып берейин десе, эч кимди тапчудай эмес. Ошондо Абдылда мечитке барды да, акчаны карыптарга, сокурлар менен майыптарга таратып берди.

Ошондон тарта Абдылда сыйкыр чапанын жамынып, тынбай эл аралап, ээнбаштардын катыгын колуна берип


2003

журду. Кылмышкерлер шаардан качып, артын кылчак кароого чамасы жетпеди.

Батийма менен Абдылда бактылуу жашады. Алардын уулу Бакберген да бой жетип калды. Ал кошунанын кызы Канышай менен ойноой турган. Канышайдын атасы Турсун деген бай Абдылданын ырыскысын кызгана турган. «Жарды жургөн отунчу жарым кундө кантип байыды? Мында бир сыр бар», — деп ичи бышты. Отунчунун уйундө ойногон кызын шыкактап, ошол сырды билмей болду.

Кундөрдун бир кунундө нөшөр төгуп, Бакберген кошунанын кызы менен уйгө чуркап киришти. «Карыныбыз ачты, апа» деди эшиктен кирген уулу. Апасы Батийма дасторкон жайып, балдарга ботко сурады. Бирок, бул жолу дасторкон толбой, бопбош турду. Канчалык сурап, дасторконду канча кагышса дагы эч нерсе келбей койду. Сыйкырдуу буюмдун сыйкыры жанган экен деп ойлоду Абдылда. Кантесиң, каалаганың орундалбай калса, кубарыңдын куу чокусу барбы!

Көп өтпөй Абдылда дагы бир капаланды. Көнгөн адатынча бир уурунун катыгын колуна берейин десе, тигинин шериктери отунчуну катуу токмоктоп, уйгө эптеп суйрөлуп жетти. Жибек чапан дагы ишке жарабай калган шекил!

Абдылданын арманы аттын башындай. Уулу менен Батийма төркунунө учурашканы кетип, уйдө жалгыз уңкуйуп отурган. Эшикти бирөө черткилеп калды. Ачса, баягы аксакал! Бирок, бул жолу устунө кийгени чымкый кара. Абдылда аны төргө өткөзуп, алдына токоч менен быштак койду. Даамдан ооз тийип, чай ичкен соң, абышка минтип айтты:

— Кейпи, мен берген буюмдар сага бакыт апкелбеген көрунөт. Аларды кайра алайын!

— Ата! Сиздин мээримиңизге ыракмат, — деди аптыга Абдылда: — Сиз берген буюмдардын сыйкыры жанып кетти.

— Кантип жансын?! — Абышка ачуулуу ун катып, көздөрунөн жалын атылды: — Сыйкырдуу буюмдун сыйкыры эч качан жанбайт! Абдылда, эми сага эки кун берем, аларды уурдаган кишини таап, эки кундө кайра кайтар. Антпесе, сени



жер түбүнө алып кетем. Ажалыңдан мурда мурт кетип, үй бетин көрбөй каласың, — деген абышка көздөн кайым болуп, Абдылда эмне кылар айласын тапай калды.

Отунчу эртеси Батийма менен Бакбергенге болгон ишти болгондой айтып берди. Булар эч качан колдонбогон темир таяк Батийманын эсине келе калганы! «Мүмкүн, ошонун жардамы тийип жүрбөсүн?» — деди эне. Бакберген болсо, сыйкырдуу буюмдарды ким билип, ким уурдады экен деп кабатыр. Оюна ошондо Канышай түштү. Кошунанын кызын ууру тутпаса дагы, аны текшерип көргүсү келди. Канышайга жолуккан Бакберген жаңы сыйкырдуу буюм жөнүндө айтып берди.

Ал кезде Бакбергендин атасы менен апасы таякты сынамай болушкан. Абдылда аны кара жерге кадаганда терең жылга пайда болду. Отунчу жакындай басып, тээ төмөнгө кеткен тепкичтерди көрдү. Жер түбүнө түшкөн Абдылда менен Батийма сары таш төшөлгөн жолду көрүштү. Тегерете жапайы жемиш бактар. Көздүн жоосун алган мөмөлөр таңдайыңа салсаң эрип кетчүдөй. Абдылда кайсыларын жеп, кайсысына тийбөө керегин эстей албай убара.

Оң тараптагы жемиштер ошончо кооз, ошончо даңдуу. Капыстан катуу кыйкырык чыгып, отунчу аркасына бурула калды. Оозуна жемиш чайнаган аялы онтоп, эки аягы ташка айланып барат! Абдылда жетип баргыча, Батийма белине чейин ташка айланды. Көз ирмемде толугу менен чулу таш болуп кетмек!

— Жемишти кайсы тараптан үздүң? — деп кыйкырды Абдылда. Батийма оң тарапка баш ийкеди.

Секирип барып, сол тараптан бир жемиш үзгөн Абдылда аялынын оозуна сала, жедирип жиберди. О, кудурет! Көз ирмемде Батийманын буттары бүгүлүп, басууга жарады!

Сол жактагы жемиштен чабырага толтура терген Абдылда менен аялы таякты колдон чыгарбай, тышты көздөй жөнөштү. Батийма бир аз тыйын тапсам деген ниетте бул жемиштерди базарга сатканы кетти. Ал эми Бакберген менен Канышай



короого чогуу киришти. Улан таякты көрсөтүп, анын сырын айтып берди.

Таң атпай отунчунун үй-бүлөсү тышта зар какшап чырылдаган үндөрдөн ойгонду. Короого чыгышса, жерден чоң жарака кетиптир. Үчөө тең ашыга тепкич менен төмөн түштү. Сыйкырдуу бактан алар таш болуп катып калган Канышай менен анын апасын көрүштү. Акылынан ажыраган Турсун аларды айлана чуркап жүрөт.

— Жардам! Жардам бергиле? — деп жалбарды Турсун кошуналарын көрүп.

— Адегенде менин буюмдарымды бер! — деди Абдылда. Кошунасы үйүнө аткан октой чуркап, жайыл дасторкон менен жибек чапанды көтөрүп келди.

Абдылда катып калган таш сөлөкөттөрдү жемиштин ширеси менен сүртө баштады. Арадан аз өтпөй, таш сөлөкөттөргө жан кирди!

Атасы менен апасы кошуналарга жардам берген маалда Бакберген жер түбүндөгү бактарга баам салды. Сары таш төшөлгөн жол аны айрыкча таңыркатты. Кайда барат ушул жол?

Абдылда менен Батийма кошуналарын аман-эсен тышка алып чыгышса, өздөрүнүн уулу көрүнбөйт. Бакберген дарексиз жок!


Ал учурда Бакберген жети катар жер түбүнө түшүп бараткан. Сыйкыр бакты аралаган жол аскага такалып, андан ары үңкүр бар экен. Бакберген тартынбай үңкүргө кирди. Үңкүр улам ичкерип, кууш тартып жүрүп отуруп, акырында жарык «жарк» этти. Кең талаа келберсий созулат.

Улан көзүн ымдап ачкыча, килейген тырмактын алдында калды. Алты баштуу ажыдаар! Алты оозунан бирдей от чачкан желмогуз уланга атырылды:

— Акыры келдиңби, адамдын баласы?

— Менден сага эмне керек? — деп сурады Бакберген.

— Сен мага Фархад сыйкырчынын кызын таап келесиң. Антпесе, жер үстүнө чыгып, ата-энеңди жеп тынам. Билдиңби? Бир күн берем сага. Эртең ушул маалда ушул үңкүрдөн күтөмүн.



Ажыдаар ийнине сойлоп кеткиче, Бакберген минтип сурады:

— Фархадды кайдан табам?

— Жолдон чыкпай жүрө бер,— деди желмогуз.

Бакберген сары таш төшөлгөн жол менен илгери баса берди. Аз өттүбү, көп өттүбү, айтор, кара алачыкка туш келди. Бул мастан кемпирдин үйү эле. Алачыкты аттап кирген улан мастанды көргөндө абдаарый түштү. Ырайы суук кемпир озуна сөз катты:

— Эй, жигит! Эмнеге келгениңди айттырбай билип турам. Эгер мага көмөктөшсөң, мен да сага көмөктөшөм.

— Айтыңыз, аткарайын, — деп баш ийкеди Бакберген.

— Жер түбүндө сыйкырчы Фархаддын кызы Айнагүлдү издеп чыгыпсың. Сени ажыдаар жумшаган экен. Анткени ажыдаар ал кыздын жүрөгүн жесе, ааламдагы эң күчтүү желмогузга айланат, — деди мастан кемпир: — Сыйкырчынын кызына сенден башка бир да жан жолой албас. Ал сени бир көргөндөн ээрчип жөнөйт, анткени ашыктык оту ойгонот. Менин Балкитебим бар. Барактап окусам, ушунун бардыгы жазылган экен. Бирок, Фархад ары кыйды, ары арамза. Сенин атаң Абдылдага таштын алдынан жайыл тасмал, жибек чапан жана темир таякты ким алдырды, билесиңби? Ошол Фархад! Каргышка калган Фархаддын өзү аларга кол тийгизе албак эмес. Атаңдын колу аркылуу гана Фархад каргышынан арылып отурат.

Мастан кемпир муну эскертти Бакбергенге:

— Сыйкырчы сенин көзүңдү бууп, өзүңдү алдайын дейт. Анын ажалы — Айнагүлдүн жакасына кадалган ийнеде. Фархадга алдата көрбө. Эгер жеңсең, менин уулум Чоң-Кулак дөөнү тирилтип бер. Сыйкырчы менин уулумду дубалап, аксарайдын алдындагы аскага айлантып салган.

Кемпирдин кебине ыраазы болгон Бакберген сапар улады. Жолдон жамбашы сынган түлкүнү көрүп, аяп кетти. Жараатын таңып, дары-дармек сүйкөдү, суусунун кандырып, тамак-аш таштады. Түлкү Бакбергенди алкап калды: «Керек кезде чакыр мени!»



Улан сапар улады. Караса, бир кулак сууда бир чамынды агып барат. Чамындыга жабышкан бир кумурска чыйылдап ыйлайт. Бакыт чамындыны кармап алып, кумурсканы кургакка чыгарды. Чөпкө жашынган кумурска чыйылдап калды: «Керек болсом, чакыр мени-и!»

Аңгыча Аксарайга туш келди улан. Малайлар алдынан тосуп чыгып, кайда, кимге баратканын тактап, сыйкырчыга жолуктурду. Бакберген баам салып караса, бул баягыда атасына келген абышка шекилдүү. Ушул улан өз кызына келгенин уккан сыйкырчы ууртунан жылмайды:

— Адегенде үч табышмак тап. Кокус бир гана жаңылсаң, сени куураган бакка айлантып салам.

Сыйкырчы өзүнүн кызын балапанга айлантып, тооканага киргизип жиберди. «Эр болсоң, таап көр» — деди уланга. Тооканада бир эмес, миң балапан бар эле! Улан ушу кезде түлкүнү эстеп, жанына чакырды. Көз ачып жумгуча калтар түлкү кирип келип, тооканaнын чаңын асманга сапырды. Канат жүндөр кардай чачылып, калтар түлкү качкан балапанды сүйрөп чыкса болобу!

Фархаддын өңү кубарды. Айнагүлдү арпанын данына айлантып, капка салып жиберди — эр экенсиң, таап көр! Улан ушунда кумурсканы чакырды. Миңдеген кумурскалар көмөккө келип, капка жашынган данды көз ирмемде таап чыгышты.

Фархаддын өңү ого бетер кумсарды. Бакбергендин бет маңдайына он сулууну катар тизди. Бирине бири куюп койгондой окшош. Айнагүлү кайсы? Эр болсоң, айра таанып ал. Уландын көзү алайып, башы тегеренди. Абайлап караса, бир сулуунун кирпигинен мөлтүр жаш тоголонот. «Мына, Айнагүл!» деп кудуңдады Бакберген. Кызга ыкчам жакындай барып, жакасындагы ийнени чыгарып, алаканына жашырды.

Фархаддын ачуусу ашып-ташып, уланга кол салмай болду. Көзүнөн жашы кылгырган Айнагүл атасы айткан убаданы эске салды. Эгер улан үч тапшырманы аткарса, сыйкырчы кызын берем дебеди беле! Бакберген дагы алаканын ачып, колундагы ийнени көргөздү. Аргасы куруган Фархад ага кызын бермей болду!



Сыйкырчынын жанын сактап калган Бакберген кайнатасына дагы бир өтүнүч айтты — аксарайдын алдындагы асканы тирилтиңиз! Сыйкырчы колун жаңсаганда, асканын ордуна алп дөө тура келди. Эчен кылым эңсеген эркиндикке жеткен дөө далысына Бакберген менен Айнагулду кондуруп, кең арыштай жөнөдү.

Айнагул жолдон уланга минтип айтты:

— Мында эмнени эңсеп келгениңди билем — мени ажыдаарга бересиң. Ал менин жүрөгүмдү жесем дейт. Эгер ажыдаар жүрөгүмдү жесе, ааламдагы эң күчтүү желмогузга айланат.

— Мастан кемпир менен Чоң-Кулак, дөөдөн жардам сурайынбы? — деди Бакберген.

— Жок, ажыдаардын амалын өзүң табууң керек. Үңкүргө жалтанбай киргин дагы, желмогуздун айтканын аткарганыңды айт. «Кызды алып келдим, бирок ал караңгы үңкүрдөн чочуп, сыртта турат» дегин. Ажыдаар үңкүрдөн чыкканда, кош көгүчкөнү бар капасты тап. Ажыдаардын жаны ошол. Экөөнү тең мерт кылсаң, ажыдаар да мертинет.

Бардыгы Айнагул айткандай болду. Ажыдаар кызды кучагына кысканы чыкканда, Бакберген кош көгүчкөн салынган капаска умтулду. Капасты тышка алып чыкса, ажыдаар Чоң-Кулак дөө менен кармашып калыптыр. Ажыдаар алты оозунан от бүркүп, Чоң-Кулакты каарып, куйкалап барат. Бакберген кош көгүчкөндү канчалык аяп турса да, алардын башын жулуп алууга аргасыз болду.

Чоң-Кулак дөөгө дем бутуп, ажыдаарды куйруктан толгой кармап, тээ төмөнгө — кургуйга кулатты. Ажыдаар ошентип ажал тапты.

Мастан кемпирдин алп дөөсү улан-кызды сыйкырдуу бакка жеткирди.

Ушул кез, ушул учурда Бакберген менен Айнагулдун башынан жер козголуп, жогору кетчү тепкичтер пайда болду. Көрсө, керемет жемиш тергени мында Абдылда отунчу келген экен. Уулун аман-эсен көргөн ата чексиз кубанды. Анан калса, уулу жалгыз эмес, айперидей кыз менен! Үчөө үйгө жөнөштү




жайдары. Буларды көргөн эненин — Батийма байкуштун кубанганын айтпаңыз!

Эртесинин эртеси отунчунун алачыгына сыйкырчы Фархад келди. Абдылданын алачыгында Бакбергенге катар бактылуу кызы Айнагүл отурганын көргөндө, кандай гана таңыркабады дейсиң. Батасын берип, сыйкыр буюмдарын калтырды.

Үйлөнүү үлпөтү жети күн, жети түн уланды. Меймандар жетине албай сүйүнүп, жайыл тасмалга тоодой эт, көлдөй чык тартылды. Фархад, Абдылда менен Бакберген үчөө сыйкыр буюмдарды кезектеше колдонмой болушту. Ал эми темир таякты Айнагүлгө беришти, анткени ал жер түбүндө жашаган атасына каттап туруушу керек да.

Ошол күндөн ушул күн бардык адамдар бейгам жашап, уурулардын жолу кууш болуп калыптыр.




Чыныбек



Байыркы өткөн заманда байырлашып адамга адал сыйкырчы, арам көзбоочу дегендер көп болуптур.

Дал ошол заманда тоо койнунда Миңбай менен Жузбай деген эки коңшу жашаптыр. Бай атанган Миңбайдын миң кою, Жузбайдын араң эле жуз кою бар имиш. Жузбайдын караан тутканы — жуз кой эмес, жалгыз уулу Чыныбек.

Кундөрдун бир кунундө Чыныбек короодогу койлорун жайлоого айдап жөнөйт. Капталга жетип караса, Миңбайдын миң кою жайылып кетип, уулу хандан капарсыз уктап жатат. Ушул кез, ушул учурда койлоруна карышкыр тийип, миң койдун бири калбай туш-тушка чачырайт.

Чыныбек таягын булгалап, карышкырга тап берет.

— Эй, жигит, ойгон, — деп кыйкырат Миңбайдын эрке уулуна: — Койлоруңду карышкыр кырмай болду!

Байдын уулу ордунан оолжуп туруп, Чыныбекти жакадан алып, урмай болду:

— Ой, эмне ойготосуң? Каран калсын карышкыр! Таттуу тушумду буздуң!

— Уйкуңду ач, уйкучу, — деди чыдамы кеткен Чыныбек: — Жардам берейин десе, жардан алыс туртөсуң!

Байдын уулуна таягы менен тап берсе, тиги Чыныбекти чындап уруп-тепкилечу туру бар. Эки бала жулмалашып тургуча, карышкырлар койду кырып бутту. Акыры экөө тең чарчады.

— Желибиз чыкты, жетишет. Андан көрө айтчы, ажайып туш көрдуңбу? — деп сурады Чыныбек.

— Ажайып тушумду айтсам, сөз жетпейт, — деди байдын баласы: — Башыма Кун, аягыма Ай конду! Башыман көтөрулгөн Кун көккө чыгып, аягыма конгон Ай жанымды жыргатты. Кунум тунгө алмашып, жарык жылдыздар жамырады. Анан асмандагы жарык жылдыздар жамгырдай жаап, менин башымдан ылдый бермет төгулө баштады. Ар бири алтындан кымбат!



Чыныбек чыны менен таңыркады. Башыңа Кун, аягыңа Ай консо, башыңдан ылдый бермет жаап турса!..

— Тушунду сатчы мага? — деп сурады Чыныбек.

— Жарайт, — деп баш ийкеди Миңбайдын уулу. — Ажайып тушту сенден аябайм. Бирок, канча коюмду карышкыр кырса, ордуна ошончо кой бересиң.

Экөө койлорду санап кириштти. Карышкыр туура жуз койду кырган экен. Байдын уулуна өзунун жуз коюн кармата берген Чыныбек уйуно кайтты.

Алдынан чыккан атасы Жузбай таңыркай сурады:

— Койлоруң кайда, балам?

— Ажайып тушкө алмашып ийдим, — деди уулу кулумсурөй.

— Бир көргөн тушкө жуз кой бердиңби?

— Ата, анчейин кейибеңиз. Мен сизге ажайып тушту айтып берейин. Башыма Кун, аягыма Ай конуп, жылдыздай жыбыраган берметтер жаап жатыптыр!

— Анык апенди турбайсыңбы! Бирөөнун тушун дагы сатып алабы? — деп ачууланды атасы: — Ойлосоң боло, эми кантип оокат өткөрөбуз? Бар жөнө, койлоруңду албасаң, кайтып келбе, апенди!

«О, арман-оо!», — деп кубурөнгөн атасы алаканы менен жузун жаап калды.

Чочулай чуркап чыккан Чыныбек бет алды кете берди, кете берди. Кокту-колот кыдырды, жылга-жыбыт сыдырды, арып-ачып жыгылды. Булактан суу ууртады, кайра туруп чуркады. Кийим-кече жыртылды, кун эсебин унутту. Кара ташка далысын жөлөп отурса, карга барат канат кагып.

— Карга, карга, — деп кыйкырды Чыныбек: — Мени жалгыз калтырбай, кайрыла кет?

Карганын кайрылчудай туру жок каркылдап:

— Карк, кар-рк! Акыры кырсык бастыбы? Менин кардым ачканда таш менен куудуң беле? Эми өзуң ачкадан өл!

Карга караан узуп, Чыныбек чымыркана алга басты. Баягыда карганы таш менен кууганын эстеп кейиди.

Аңгычакты аяк алдынан бактек куштар барпырап учуп чыкты.





— Бактектер, мага жардам бергилечи? Кардым ачты, кайратым качты... — деп жалбарды Чыныбек жапайы куштарга.

— Сага сооп болот, — деп жарыша чуулдашты бактектер: — Бала кезинде биздин ата-энебизге тор жайып, топ-тобу менен кыргансың. Эми өзүң кыйрап кал!

Бейбаш кезин эстеген Чыныбек баш бармагын жара чайнап өкүндү. Кайтадан кадам улап, карды ачып баратты. Кечкурун арчанын түбүнө алсырап кулап, уктап кетти. Таң атаарда боз ат минген чабандес келип, камчысы менен жонго чаап ойготту:

— Тез учкаш атка!

Уйкусу ачылган улан атка секирип минди. Экөө ушунчалык тез аттанды дейсиз, уландын этегин шамал шуулдатып, эки кулагын дуулдатып баратты.

Таң атты урул-бурул. Бийик белде аппак өргөө тигилип турган экен. Ат жалынан түшкөндө гана эки жүргүнчү бири-бирин алгач ирет көрүштү. Чыныбек жалт караса, маңдайында адеми сулуу кыз турат. Ал эми Чыныбекти көргөн кыз чочулай кыйкырып, саадактан жебе сууруп алды да, жаасын тике тартмай болду.

— Атпа, ата көрбө? — деп жалбарды улан: — Менин күнөөм кайсы? Учкаш дедиң, учкаштым. Атаардан мурда мага акыл айтсаң болбойбу? Койлорумду жоготуп алганымда «апенди» деп урушкан атам мени. Коркутканды коюп, койлорумду табышып берсең?

— Кайсы кой? — деп таңыркады кыз.

Чыныбек болгонун болгондой баян этти. Бир көргөн түшкө жүз койго сатып алган карапайым уландын жоругуна кыз каткырып күлдү.

Анан кыз өзү жөнүндө айтып берди. Аты затына куп келишкен Айсулуу сыйкырчы Гүлгаакынын кызы болуп чыкты. Аны Сейит сыйкырчынын уулу Өмүралыга кудалап коюшкан. Ушул кыз Чыныбек уктап жаткан жерде Өмүралы менен жолукмак экен. Күйөө бала кечигип калгандан улам аны Чыныбек менен алмаштырып алыптыр.

— Эмесе, экөөбүз кыз-күйөө бололу, — деди карапайым улан.

— Тагдыр ушинтип табыштырса, сага таарынганым жарабас, — деп жылмайды кыз: — Мейли, мен макулмун. «Апенди»

экениңе карабай, жан-дуйнөмө жагып калдың. Арам пейил сыйкырчынын уулу Өмуралыны өзум да ынатпай жургөм. Ал апамды өлтуруп, мени болсо уулуна кудалап койгон. Кейпи, алардын айтканынан чыкпай, жасаган жамандыгына көз жуумп журсун десе керек. Карачы, тиги куржунумда байлык мол, акылым болсо экөөбузгө жетер, — деп кошумчалады кыз.

Экөө баш кошуп, жаш келинчек өзунун карапайым эрин ар турлуу акылга каныктыра баштады. Өткөндун сыйкыр сырларын өз апасынан мыкты уйрөнгөн Айсулуу көп нерсени биле турган.

Кун артынан кун, ай артынан ай өтуп, Чыныбек ар туркун жаныбарга айланганды уйрөнду, уй-булөсунө да сарамжал болуп, мал кутту. Айсулуу Чыныбектин оюн айттырбай тушунө турган. Бирок, жакшы дос бир жакшылыкта, бир жамандыкта билинет деген кеп бар эмеспи. Алардын ашыктыгы менен арзуу сезимдери сынала турган да кун жетти.

Өзунө кудалаган кыз өңгө бирөөгө баш кошкону жөнундө кабар Өмуралыга да жетти. Ачууга алдырган неме Чыныбекти өлтуруп, Айсулууну кайтарууну көздөду. Жигит-жараны менен жолго чыкты жинигип.

Айсулуу дагы сыйкырдын сырын билет эмеспи, Өмуралынын өч алганы чыкканын айттырбай тушунду. Шылкыны куруган куйөөсунө кайрат берди: «Өмуралыны өзуң жалгыз жеңе албайсың. Бирок, экөөлөп жеңебиз, башты көтөр!»

Айсулуу ачып көзду жумгуча Чыныбекти боз уйгө айлантып, сыйкырчынын жолуна тигип койду. Ага кырк кулактуу казан асты. Анткени кырк кулактуу казандын ар кулагынан Өмуралынын кырк жигити менен суйлөшкөну угулуп турду. Казан толо эт асып, шорпону шарактата катуу кайнатты.

Жигит-жараны менен Өмуралы жинигип келатса, белестен көк тутун көккө турулөт. Караса, керилген боз уй тигилип, казандагы эттин жыты мурунду өрдөйт.

— Дем басып, даам таталы, — дешти жигиттери. Бирок, боз уйду көргөн Өмуралы ага көнбөй, шекшине тушту.

— Жол боюнда жоболондуу эч нерсе жок эле. Кейпи,



Чыныбек боз үйгө айланып, жолумду тороп калганбы? Камчы менен качырата сабагыла! — деген буйрук берди.

— Адам кантип боз үйгө айлансын? — дешти жигиттер. — Даяр даамды таштаган жарабас.

Алар аттан түшүп, боз үйгө кириштн. Адегенде карынды кампайталы, Чыныбекти анан деле кармайбыз деген жигиттер казандагы бышылуу этке кол салмай болду. Кемегеден чыгаралы дегенде казан оонап кетип, кайнак сорпо баарын тегиз каптады. Баарын текши күйгүзүп, бири да аман калбады. Өңгөгө жамандык каалаган Өмүралынын шору, ошентип, шорподой кайнады.

Уулунун өлгөнүн уккан Сейит чындап каарданып, Чыныбектин сазайын бермей болду.

Жамандыкты айттырбай сезген Айсулуу кайрадан күйөөсүнө кайрат берип, Чыныбекти ак ботого айлантты.

Жайлоодо жайбаракат оттоп жүргөн ак ботону көргөн Сейит ал ким экенин айттырбай билди. Ак ботону аркандап, үйүнө алып келди. Жерге темир казык кагып, темир казыкка ботону бекем байлап, карсылдатып уруп кирди:

— Уулумду тирилт, келинимди келтир!

Ботонун көзүнөн жаш, карегинен кан акты. Муну көргөн Сейиттин кыздары Ашымжан менен Кишимжан атасына жалбарды:

— Айланайын, ата, адам кантип ак ботого айлансын? Андан көрө бизге бер? Биз аны туздуу көлгө алпаралы. Туздуу сууну ичсе — бото, ичпесе — Чыныбек болгону. Чындап Чыныбек болсо, өзүң билип, өлгүчө жазалай бер!

Атасы кыйылып турса да, ботону кыздарына берди. Кыздар аны туздуу көлгө жетелеп барды. Ботонун туягы туздуу сууга тийери менен кол башындай коргошунга айланып, көл түбүнө чөгүп кетти. Ыйлап келген кыздар атасына даттанышты.

— Айтсам, укпайсыңар, — деди сыйкырчы ызырынып: — Бир жоболоң болорун сезгем. Көрсөткүлө, көлдүн кайсы жерине чөктү?

Алар көлгө келишти. Сыйкырчы оп тартып, көлдүн





суусун соруп ууртай баштады. Суунун баарын соолутуп, коргошунду колго кармай берерде, Чыныбек жөргөмушкө айланып, теректин башына чыга качты.

— Айланды табам, амалынды курутам, — деген Сейит таранчыга айланып, жөргөмушту кууп жөнөду. Көз ирмемде кыргыйга айланган Чыныбек таранчыга тап берди. Канат-куйругу кубулуп, тырпыраган арам сыйкырчы ушинтип жеңилди уландан.

Үйунө келген Чыныбек жаш жарына болгонду болгондой баяндады. Арам сыйкырчыдан арылган эки жаштын суйунгөнун айтпаңыз! Бирок, көп өтпөй бактылуу турмушка дагы бир булук тушөөрун экөө байкаган эмес.

Жаңы тирлик баштаган эки жаш жаңы конуш ээлешти. Аттиң, алардын ак өргөсу каардуу Карахандын жерине туш келгенин билишкен эмес.

Кундөрдун бир кунундө каардуу хан адатынча ит агытып, куш салып жургөн. Колундагы буркутун агытса, анысы калтар тулкуну карап да койбой, айланып учуп ак өргөөгө конуп калат.

Жакындай келген хан жаалдуу ун салат:

— Эй, чык бери! Тундуктөн тушур буркутту!

Бул маалда Чыныбек мал карап кетип, уйдө жок эле. Хандын каардуу унунөн Айсулуу тышка чыкты. Анын сулуулугун көргөн хан атынан ооп тушту.

— Капырай, кайрат кылыңыз? — деген Айсулуу карыган ханды жөлөп-таяп аттантып, колуна кушун карматты.

Карахан бир көргөндөн Айсулуууга ашык болуп калды. Кун тынымынан, тун уйкусунан айрылып, Чыныбекти кантип жоготуп, Айсулууну кантип алууга амал курду.

Акыры Чыныбекти аксарайга чакырып, мээр төгө меймандаган тур көрсөтуп, минтип айтты:

— Кыйын турмушта кыйналып журөт экенсиң, Чыныбек. Кел, көңул ачалы? Экөөбуз эми жашынмак ойнойлу? Оюндун шарты бирөө гана: уч ирет жашынабыз. Эгер сен утсаң, буткул хандыгымды берем. Эгер мен утсам, Айсулууну алам. Макулсуңбу?

Каардуу Караханды, анын жаландаган желдеттерин караган Чыныбек баш чулгуса, бул жерден тируу кайтпасын билди. Аргасыздан баш ийкеди.

Адеп сыйкырчы хан жашынды.

Ары жак, бери жактан тук таба албай, Чыныбектин аргасы куруду.

— Эмне, бирдеме жоготтуңбу? — деп сурады Айсулуу аландаган эрин көруп.

Чыныбек ошондо Карахандын шартына көнуп, жашынмак ойноп жатканын тушунтту жашырбай.

— Мурдатан эле айтпайсыңбы? — деген Айсулуу кол жаңсады: — Атканага барсаң, ак эчкини көрөсуң. Ак эчкинин сакалын колуңа толгой кармап, сабай берсең, Карахан кадимки калыбына келет.

Чыныбек дал ошентти. Жонуна камчы тийген Карахан жалбара маарап жиберди:

— Жетет, жетет, Чыныбек. Бул ирет сен уттуң.

Сыйкырчы хан кайрадан жашынып, булуң-бурчту тинткен Чыныбек кайрадан аны кайсалап таппай калды.

— Бул тегеректен издебе, — деди Айсулуу: — Өрөөнду өрдөй бассаң, жалгыз терек өсуп турат. Бутагына балта чапсаң, кадимки Карахан болуп чыгат.

Теректи тез эле тапты Чыныбек. Жоон тамырына балта шилтей береде, сыйкырчы чыңырып жиберди:

— Чаба көрбө, чаппа, Чыныбек. Сен дагы уттуң.

Үчунчу ирет жашынды хан. Караханды кантип табарын сурады аялы Чыныбектен. Эри эчтеме билбей, алакан жайды.

— Амалкер ханды эми алыстан изде. Ал кара буурага айланып, Сасык-Көлдун жээгинде балчыкта жатат, — деген Айсулуу эрине эмне жасап, эмне коюшту уйрөттү.

Он эки таякты орой кармаган Чыныбек кара бууранды таап, он эки таяк сынганча жон талаштыра ура берди. Айласы куруган Карахан акыры кадимки кебетесине келди.

— Эми сенин кезегиң. Эр экениң билейин, жашынып көр! — деди хан жаалдана.



Ойлонуп-этпей, тактанын алдына башын каткан Чыныбекке Айсулуу кулуп жиберди:

— Капырай, колу-бутуң чыгып турбайбы! Минтсең, Карахан экөөбуздун катыгыбызды берет. Жок, сени өзум жашырайын.

Чыныбекти оймокко айланткан Айсулуу аны бармагына кийип, көйнөк тиккен киши болуп отуруп алды.

Кайда гана барбады Карахан! Бактын башына чыкты, көлдун тубунө тушту, жадакалса ороодогу кулду казып, короодогу гулду жазып тинтти. Асманды буулуга карап, Чыныбек булутка айланып кеттиби деп шекшиди. Алтымыш айла, жетимиш амалы куруганда минтип айтты:

— Чыныбек, чык эми. Сен жеңдиң!

Карахан ушинтип айтары менен Айсулунун бармагынан тушкөн оймок чыныгы Чыныбекке айланды.

Андан кийин Айсулуу эрин ичке жипке айлантып, ийненин көзунө саптады да, тулку тебетей тиге баштады. Хан бул ирет дагы Чыныбекти таба албады.

Үчунчу жолкуда Айсулуу эрин теменеге айлантып, жакасына тепчиди да, өзу жарма жасаган тур көрсөтуп калды. Карахан канча убара тартып, Чыныбекти бул ирет канча издебеди! Кара жерди казып, көк булутту көзөп көрду. Карахан канча терге тушсө да, Чыныбектин карааны караманча көрунбөйт. Адал мелдеште алдырган Карахан эми Чыныбекти арамзалык менен сынамай болду.

— Чыныбек, сен мени жеңгениң чын. Хандыгымды берем сага, — деди кыйды хан: — Бирок, тактыга отурам десең, бир суракты орунда. Аркы дуйнөгө барып, атамдын арбагына жолук. Андан кат-кабар алып кел. Жетип-келгиче жети кун берем!

Айсулуу менен Чыныбек кыйын сынактан кантип чыгабыз деп көпкө кыйналды. Сураштырап көрушсө, адамдар мындай дешти: Карахан атасынын кол жазмасын билбейт. Аны уккан Чыныбек ойлонуп отуруп, Караханга атасынын атынан кат жазды: «Ырыстуу уулум, мен сага эки дуйнөдө ыраазымын.




Сын мой, я рад
за тебя. Страной
ты управляешь
разумно, да и народ
тобой доволен.
И чтобы ты никогда

Эл-журтунду бактылуу башкарып жатасың. Эгер бийликтен айрылып калбайм десең, мага келип, кеңешип кет».

Жети күндөн кийин Чыныбек катты Караханга жеткирип берди. Катты окуп чыккан Карахан калың журтун чогултуп, кеңеш курду:

— Арбагы бийик атам мени көргүсү келип, өзүнө чакырып жатат. Аркы дүйнөгө барчу жолду кимиң билесиң?

Эл үндөбөй, элтейип калганда, Чыныбекке бурулду:

— Аркы дүйнөгө барчу жолду сен билип жүрбө? Билсең, мени узатып кой.

Улан жүз кулач аркан, жоон устун алдырып, ханды аскасы бийик чокуга ээрчитип жөнөдү. Чыныбек асканын кылда учуна чыкканда, Караханды аркан менен устунга таңып, төмөн кулатып жиберди: «Ал эмесе, атаңдын арбагы менен сүйлөшө бер!» Арам сыйкырчы Карахандын күнү ошентип аяктады. Ага кайгырган эч ким болгон жок. Калың журтка Чыныбек минтип кайрылды:

— Элге жаккан акылман, элди баккан адилет ханды эми өзүңөр шайлап алгыла!

Ошол учур, ошол маалда Чыныбек менен Айсулуу ата журтуна, атасы Жүзбайдын айылына жөнөп кетишти. Жалгыз уулун жоготкон ата арманга батып жүргөн. «Койлорунду таппасаң, кайтып келбе, апенди!» — деп кууганына өзүн эчен жектеген, өзүн эчен кектеген. «Тентегимди кайтара көр» деп Теңирден тиленген.

Жалгыз уулун көргөнгө, жалгыз эмес, жаш келинчеги менен көргөнгө Жүзбайдын төбөсү көккө жетти! Сыйкырчыларды жеңип, сыйлуу кайтканына жетине албай кубанды. Айыл-журтун чакырып, Чыныбай менен Айсулууга той берди.

Той аяктап, топур тарагыча, алыстан чабармандар келип жетти. Мурдагы Карахандын журту Чыныбектин хан болушун сураган экен. Калктын өтүнүчүн кабыл алган Чыныбек чыныгы ханга айланып, бийлигин адилет жана акылман жүргүздү.

Бактылуу бала-чакасын аксарайда ойноткон Чыныбек бир күнү Айсулууну карап күлүп жиберди. Таңыркаган аялына тамашалай үн катты:

— Баягы керемет түш эсиңдеби? Ошол түш кабыл келди! Аягыма Ай конгону — ал өзүңсүң Айсулуу, башыма Күн конгону — бул хандыгым, бала-бакырабыз — бажырайган бермет эмей эмине? Бир көргөн түштү Миңбайдын уулунан жүз койго сатып алганым ырас болуптур. Аягы минтип бакыт-таалайга айланды!

Чыныгы хан Чыныбек балдарын баштан сылап, Айсулууну күлүмсүрөй карады.





*«Санжыра, жомок, дастандарга элдин кыял чабыты менен арман-тилеги жуурулушкан. Фольклор дегенибиз адабият менен өнөрдүн түп башаты болуп саналат. Учкул кыялсыз — өнүгүү жок, ансыз ойдун чабыты, эргип талпынуу жана романтика болушу мүмкүн эмес».*

*А. Токомбаев*

9789967424784

РАРИТЕТ